| «Ата-Журт» Мекенчил партиясы» саясий партиясы | | политическая партия «Патриотическая партия «Ата-Журт» |
|---|---|---|
| Жалал-Абад шаары, Манас коч. тел.: +996552010101, +996779163219 чыг.№ 05 31 май 2017-ж. | | г. Жалал-Абад, ул. Манаса тел.: +996552010101, +996779163219 |

Кыргыз Республикасынын
Борбордук шайлоо
комиссиясынын торайымы
Н.К. Шайлдабековага

Жалал-Абад шаардык кенешинин депутаттарын шайлоо боюнча №2098 шайлоо участкасында (№1-кесиптик лицейде) добуш беруунун жыйынтыктары жонундо 28.05.2017-ж. тузулгон протоколду жокко чыгарып, аталган шайлоо участкасындагы добуш беруунун жыйынтыктарын жараксыз деп табуу жонундо

**А Р Ы З**

«Жергиликтуу кенештердин депутаттарын шайлоо жонундо» КРнын Мыйзамынын 42-бер. 6-п. талабына ылайык, **шайлоо процессинин катышуучуларынын шайлоо укуктарын бузган аймактык шайлоо комиссияларынын, алардын кызмат адамдарынын чечимдерине жана аракеттерине (аракетсиздиктерине) Борбордук шайлоо комиссиясына даттанылат**, андыктан Сизге официалдуу турдо арыз менен кайрылуумдун себеби томондогучо:

Жалал-Абад шаардык кенешинин депутаттарын шайлоо боюнча №2098 шайлоо участкасында (№1-кесиптик лицейде) добуш беруунун жыйынтыктары жонундо 28.05.2017-ж. тузулгон протоколду жокко чыгарып, аталган шайлоо участкасындагы добуш беруунун жыйынтыктарын жараксыз деп таап беруу боюнча 30.05.2017-ж. Жалал-Абад шаарынын Аймактык шайлоо комиссиясына арыз менен кайрылгам.

Жыйынтыгында, Аймактык шайлоо комиссиясы оздорунун 30.05.2017-жылдагы №20/17 протоколу менен болбогон шылтоолорду негиз кылып арызымды канааттандыруудан баш тартышкан.

Аймактык шайлоо комиссиясы тарабынан кабыл алынган бул чечими (№20/17 протоколу) мыйзамсыз жана негизсиз.

Ошондуктан, ал чечим (№20/17 протокол) мыйзамсыз жана негизсиз деп табылып, Жалал-Абад шаардык кенешинин депутаттарын шайлоо боюнча №2098 шайлоо участкасында

КР БОРБОРДУК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ
ЦЕНТРИЗБИРКОМ КР
Кириш / Входящий № 01-14/171
"01" 06 2017 ж/г

(№1-кесиптик лицейде) добуш беруунун жыйынтыктары жонундо 28.05.2017-ж. тузулгон протоколу жокко чыгарылып, аталган шайлоо участкасындагы добуш беруунун жыйынтыктары жараксыз деп табылуусу зарыл деп эсептейм, ал томондо корсотулгон жуйоолор менен негизделет:

1). «Жергиликтуу кенештердин депутаттарын шайлоо жонундо» КРнын Мыйзамынын 31-бер. 7,9,10-п.п. талабында, **добуш беруу учун жайда участкалык шайлоо комиссиясынын мучолору операторлор менен биргеликте шайлоочунун биометрикалык же жекече маалыматтары боюнча аны идентификациялоону жургузот, шайлоочуну анын биометрикалык же жекече маалыматтары боюнча идентификациялоо учун шайлоочунун макулдугу талап кылынбайт, шайлоочу идентификациялангандан кийин гана чек басылып чыгарылат, чек шайлоочу тарабынан участкалык шайлоо комиссиясынын мучосуно корсотулот, ал шайлоочуга чектин ордуна добуш беруу бюллетенин берет, ар бир шайлоочу жеке озу добуш берет, башка шайлоочулар учун добуш берууго жол берилбейт, шайлоо бюллетендери шайлоочуларга чекти корсоткондугу боюнча берилет** деп так жазылган.

Бирок, бул мыйзам талабы одоно бузулган, б.а. №2098 УШКгы автоматтык турдо эсептоочу урнадан 28.05.2017-ж. саат 20:00:50до чыккан чекке караганда шайлоого катыша турган жалпы **1742** шайлоочунун ичинен **1171** шайлоочу гана шайлоого катышып, кайсыл бир партияны шайлоо учун укук алып, идентификациялоодон откондугу корунот.

Ал эми, №001056 сериядагы автоматтык турдо эсептоочу урнадан 28.05.2017-ж. саат 21:03:09да чыккан шайлоону жыйынтыктоочу отчет чекте болсо, шайлоого катыша турган жалпы **1742** шайлоочунун ичинен **1174** шайлоочу добуш берип, анын ичинен **1143** шайлоочу жарактуу бюллетень таштап, **31** шайлоочунун шайлаган бюллетени жараксыз деп табылганы, тактап айтканда идентификациялоодон отпогон уч шайлоочунун атынан ашыкча **3** бюллетень урнага салынгандыгы ачык эле байкалып турат.

Ал факты Жалал-Абад шаардык кенешинин депутаттарын шайлоо боюнча №2098 шайлоо участкасында (№1-кесиптик лицейде) добуш беруунун жыйынтыктары жонундо 28.05.2017-ж. тузулгон протоколу менен тастыкталат.

Мындан сырткары, бул жерде так белгилеп кетчу нерсе шайлоочунун козун будамалоого болот, ал эми автоматтык турдо эсептоочу урнаны адаштырууга салуу же бурмалоого мумкун эмес.

Ошондой эле, «Жергиликтуу кенештердин депутаттарын шайлоо жонундо» КРнын Мыйзамынын 37-бер. 7-п. 6-абзацына ылайык, **эгерде себептери табылгандан жана четтетилгенден кийин добуш беруу учун ящиктеги шайлоо бюллетендеринин саны шайлоочуларга берилген бюллетендердин санынан коп болсо, добуш беруу учун ящиктеги бардык шайлоо бюллетендери**

**участкалык шайлоо комиссиясынын чечими менен жараксыз деп таанылат жана жокко чыгарылат.**

Бирок, бул жерде арыздын негизинде мыйзамсыз тузулгон протокол жараксыз деп таанылып, жокко чыгарылгандын ордуна арызыбыз канааттандыруусуз калтырылган.

**2).** «Жергиликтуу кенештердин депутаттарын шайлоо жонундо» КРнын Мыйзамынын 34-бер. 1-п. талабына ылайык, **участкалык шайлоо комиссиясы тиешелуу шайлоо участкасында добуштарды эсептейт, добуш беруунун жыйынтыктарын чыгарат.**

Ал эми, ушул эле Мыйзамдын 36-бер. 2-п. талабында болсо, **шайлоочулардын добуштарын эсептоо участкалык шайлоо комиссияларынын жыйналышында анын мучолору тарабынан гана добуш беруунун жыйынтыктары жонундо протоколдо жана анын чонойтулган формасында (шайлоо комиссиясы тарабынан белгиленген орунга илинип коюулат) шайлоо бюллетендерин жана шайлоочулардын добуштарын эсептоо боюнча аткарылуучу аракеттердин бардык натыйжалары жонундо ырааттуу жарыялануу жана тиешелуу турдо жол-жоболоштуруу менен ачык жана айкын жузого ашырылат** деп так белгиленген.

Бул беренелерде белгиленген мыйзам талаптары да толук бузулган, б.а. урнадагы бюллетендерди участкалык шайлоо комиссиясынын мучолору тарабынан саналган учурда **3** шайлоо бюллетени ашыкча чыккан жана аны кайрадан саноо процедурасын жургузуу комиссия мучолору тарабынан баш тартылгандыктан «Ата-Журт» Мекенчил партиясы» саясий партиясы менен «Онугуу - Прогресс» саясий партияларынын байкоочуларынын жана ишенимдуу адамдарынын катышуусусуз ошол участкадагы шайлоого козомол жургузгон башка партиялардын окулдору жана байкоочулары тарабынан мыйзамсыз турдо жургузулгон.

Ал факты ошол маалда «Ата-Журт» Мекенчил партиясы» саясий партиясы менен «Онугуу - Прогресс» саясий партияларынын байкоочулары жана ишенимдуу адамдары тарабынан тузулгон актылар жана окуя тартылган видеотасма менен тастыкталат.

Жогорудагылардын негизинде, «Жергиликтуу кенештердин депутаттарын шайлоо жонундо» КРнын Мыйзамынын 31-бер. 7,9,10-п.п., 34-бер. 1-п., 36-бер. 2-п., 37-бер. 7-п. 6-абзацын, 38-бер., 42-бер. 6-п., 43-бер. 1-п. жетекчиликке алып,

**С У Р А Н А М :**

1. Жалал-Абад шаарынын Аймактык шайлоо комиссиясынын 30.05.2017-жылдагы №20/17 протоколун (чечимин) жана Жалал-Абад шаардык кенешинин депутаттарын шайлоо боюнча №2098 шайлоо участкасында (№1-кесиптик лицейде) добуш беруунун жыйынтыктары жонундо 28.05.2017-ж. тузулгон протоколду жокко чыгарып, аталган шайлоо участкасындагы добуш беруунун жыйынтыктарын жараксыз деп таап беруунузду.

2. Арыздын жыйынтыгы боюнча жогорудагы корсотулгон дарекке мыйзамда чектелген убакыттын ичинде жазуу жузундо кабарлап коюунузду.

**Тиркемеде:**

- Жалал-Абад шаарынын Аймактык шайлоо комиссиясынын 30.05.2017-жылдагы №20/17 протоколунун (чечиминин) кочурмосу 2 баракта;
- №2098 УШКгы идентификациялоону жургузууну ишке ашырган автоматтык турдо эсептоочу урнадан 28.05.2017-ж. саат 20:00:50до чыккан чектин жана №001056 сериядагы автоматтык турдо эсептоочу урнадан 28.05.2017-ж. саат 21:03:09да чыккан шайлоону жыйынтыктоочу отчет чектин кочурмолору 1 баракта;
- Жалал-Абад шаардык кенешинин депутаттарын шайлоо боюнча №2098 шайлоо участкасында (№1-кесиптик лицейде) добуш беруунун жыйынтыктары жонундо 28.05.2017-ж. тузулгон протоколдун кочурмосу 3 баракта;
- №2098 УШКгы 28.05.2017-ж. болгон мыйзам бузуучулуктар боюнча тузулгон актылардын кочурмолору 2 баракта;
- №2098 УШКгы 28.05.2017-ж. болгон мыйзам бузуучулуктар тартылып алынган фактынын видеосу;
- АШКнан алынган шайлоонун жыйынтыктары жонундо документтин кочурмосу 1 баракта;
- «Жергиликтуу кенештердин депутаттарын шайлоо жонундо» КРнын Мыйзамынын кочурмолору 4 баракта.

**«Ата-Журт» Мекенчил патиясы»**
**саясий партиясынын**
**Жалал-Абад шаардык болумунун**
**ыйгарым укуктуу окулу** **Т. Казакбаев**

1 птиц №57.
31.05.2017

Жалал-Абад аймактык шайлоо комиссиясы

**Протокол №20/17**

Жалал-Абад шаары 30.05. 2017-жыл

Жалпы саны: 12 Катышкандар -8

Катышкандар: «Ата-Журт мекенчил» саясий партиясынын ыйгарым укуктуу өкүлү-Казакбаев Т. "Кыргызстан" саясий партиясынын өкүлү: Абдыкадыров А, «Демократия жана жарандык коом учун Коалициянын» бакоочусу Сыдыков З. №2100, №2399 УШКнын торагалары, тиешелүү мүчөлөрү.

**Кун тартибиндеги каралуучу маселе:**

Аймактык шайлоо комиссиясынын отурумунда каралуучу маселелер:

1. "Кыргызстан" саясий партиясынын регионалдык председатели Э.Абдыкадыровдун №2100 УШК аракетине даттануусу
2. "Кыргызстан" саясий партиясынын регионалдык председатели Э.Абдыкадыровдун №2399 УШК аракетине даттануусу
3. «Ата-Журт мекенчил» саясий партиясынын ыйгарым укуктуу өкүлү-Казакбаев Т №2098 участкалык шайлоо комиссиясындагы добуш берүүнүн жыйынтыгын жокко чыгарып берүү жөнүндө
4. «Демократия жана жарандык коом учун Коалициянын» узак мөөнөттөгү байкоочусу Сыдыков З №2115 участкалык шайлоо комиссиясындагы комиссиянын мүчөсүнө административдик жаза колдонуу тууралуу.

**Угулду:**

**1-маселе боюнча** төрага Б.Турдубаева –арыздардын мазмуну боюнча тааныштырды. Даттануучу УШКнын мүчөлөрү жараксыз бюллтендерди карап көрүп жарактуулары болсо партияларга кошкон жок деп жазат.

№2100 УШКнын төрөайымы **Хусанходжаева М** төмөндөгүлөрдү билдирди «Жергиликтүү кенештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамынын» 36-беренесинин 7-пунктуна ылайык, №2100 УШКнын мүчөлөрү саноону жүргүзгөн. Ал эми 11-беренеге ылайык 49 бюллютенин ичинен 22 син партияларга жарактуу деп кошуп берген (актысы тиркелет)

АШКнын төрөайымы арыз негизсиз деп таап, ошол учурдагы түзүлгөн байкоочулардын колдорун коюлган актыны көрсөттү. Арыз негизсиз деп сунуш берди.

Талкууланды: Маматов У, Раимов Ибраим сунушту колдошту.

Сунуш колго салынды.

Макул-8

Каршы-0

**2-маселе боюнча** АШКнын төрөагасы Б. Турдубаева төмөдөгүлөрдү билдирди: №2399 УШКнын ГРСнын чеги менен бюллетендин саны туура келет. Арызданууучулардын айтуусу боюнча эсептегенде "Кыргызстан" саясий партиясына 4-добуш кошулгандыгын айтышат, бирок УШКнын түзгөн актысында 2 добуш кошулгандыгын тастыкташат (актысы тиркелет)

АШКнын мүчөсү Кыргызбаев Б, Маматов У арыз негизсиз экендигин айтышты.

Сунуш колго салынды

Макул-8

Каршы-0

**3-маселе боюнча** «Ата-Журт мекенчил» саясий партиясынын ыйгарым укуктуу өкүлү-Казакбаев Т №2098 участкалык шайлоо комиссиясындагы добуш берүүнүн жыйынтыгын жокко чыгарып берүү жөнүндө АШКга арыз менен кайрылган

Арыз боюнча төрага Б.Турдубаева төмөндөгүлөрдү билдирди.

Арызда «Жергиликтүү кенештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамынын» 31-беренесинин 7,9,10-пунктунун талабы

бузулгандыгы айтылат. ГРСтин чегинен АСУнун урнасынан 3 бюллетен ашып кеткен. Жалпы ГРСтин операторлору бир номурга бир нече чек чыккандыгын билдиришкен, ошондой эле урна жутпай койгон учурларын дагы белгилешкен. "Ата-Журт" партиясынын байкоочулары байкап турган мезгилде урнанын эч кандай бузулбаганын айтышты. Ал эми ГРСтин №2098 УШКнын старший оператору С. Осмоновдун жана Г. Хакимованын актыга белгилегенинде бир номурдан эки адам үчүн чек чыккан. Алар тастыктап, кол коюп беришкен. Арызды карап жаткан мезгилде №2098 УШКнын төрөагасы келе албай калгандыктан, бул актыны арыз ээсине көргөзө албай калдык. УШКнын төрагасынын түшүнүк катында добуш берүү мезгилинде эч кандай мыйзам бузуу болбогондугун, жана байкоочулардын талабы менен кайра санап бергендигин жазат. Ошондуктан техникалык себептер менен ГРСтин чегинен 3 бюллетен ашык болуп калгандыгы ошол участкадагы добуш берүүнүн жыйынтыгын жокко чыгарууга негиз болбойт (ГРС менен бирге түзүлгөн акт тиркелет).

Б. Турдубаева өз сөзүндө мыйзамдын 36-беренесинин 7-пункутундагы автоматтык эсепөөчү урнанын жыйынтыгына саналган бюллетендин жыйынтыгы дал келгенде мыйзамдуу болоорун айтты. УШКда АСУнун көрсөткүчү менен бюллетен дал келди.

Талкууланды: Алдосова Б, Ташиева К сунушту колдошту.

Сунуш колго салынды.

Макул-8

Каршы-0

**4-маселе** боюнча комиссиянын катчысы Алдосова Б төмөндөгүлөрдү билдирди: «Демократия жана жарандык коом учун Коалициянын» узак мөөнөттөгү байкоочусу Сыдыков З арызы боюнча: №2115 участкалык шайлоо комиссиясындагы комиссиянын мүчөсү Зулпукаров Жаныбек Базар-Коргон районунан келген Семетеев Марселмахаммад аттуу жаранга чеги жок бюллетень берип жаткана байкоочулар кармап, бюллетенди урнага таштатпай жокко чыгартышкан. УШКнын төрагасы Зулпукаров Жаныбекти жумуштан четтеткен. Бул комиссиянын мүчөсү 2 күн мурун эле комиссияга кошулган болчу. Ошондуктан УШКнын мүчөсүнүн аракетин териштирүүнү укук коргоо органдарына тапшырууну сунуш кылам.

Талкууланды

Сунушту Кулчунова А, Ташиева К, Маматов У колдошту. Сунуш колго салынды.

Макул-8

Каршы-0

**Жалал-Абад аймактык шайлоо комиссиясынын отуруму**

**Ч Е Ч И М К Ы Л А Т:**

1. "Кыргызстан" саясий партиясынын регионалдык председатели Э.Абдыкадыровдун №2100 УШК аракетине даттануусу негизсиз деп табылсын
2. "Кыргызстан" саясий партиясынын регионалдык председатели Э.Абдыкадыровдун №2399 УШК аракетине даттануусу негизсиз деп табылсын
3. «Ата-Журт мекенчил» саясий партиясынын ыйгарым укуктуу өкүлү-Казакбаев Т жазгандай №2098 участкалык шайлоо комиссиясындагы добуш берүүнүн жыйынтыгын жокко чыгарууга «Жергиликтүү кенештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамынын» 36-беренесинин 7-пунктуна ылайык жана түзүлгөн актыларды негизинде негиз жок деп эсептелсин
4. «Демократия жана жарандык коом учун Коалициянын» узак мөөнөттөгү байкоочусу Сыдыков З №2115 участкалык шайлоо комиссиясындагы комиссиянын мүчөсү Зулпукаров Жаныбектин иши административдик жаза колдонуу үчүн укук коргоо органларына өткөрүлүп берилсин.

Жалал-Абад аймактык шайлоо
Комиссиясынын төрагасы: Б.М.Турдубаева

Катчы: Б.С.Алдосова

ГОСУДАРСТВЕННАЯ РЕГИСТРАЦИОННАЯ СЛУЖБА
при Правительстве Кыргызской Республики

## ИТОГОВЫЙ ОТЧЕТ

Номер УИК: 2098

Дата и время: 28-05-2017 20:00:50

Избирателей всего: 1742

Идентифицировано: 1171

АППАРЕВ
(ФИО Оператора ЦРС и подпись)

АППАРОАР
(ФИО члена УИК и подпись)

28 - 05
2017

---

21:03:09 28-05-2017
Нусканын саны : 8
Урнанын сериялык номери: 001056

2017-жылдын 28-майы
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙРЫМ ЖЕРГИЛИКТҮҮ К
ЕҢЕШТЕРИНИН ДЕПУТТАРЫН МӨӨНӨТҮНӨН МУРДА ША
ЙЛОО 28.05.17

ЖЫЙЫНТЫКТООЧУ ОТЧЕТ

АШК : Жалал-Абад
УШК No : 2098

Шайлоочулардын саны : 1742
Алынган бюллетендин саны : -----

Добуш бергендердин саны : 1174
Жарактуу бюллетендин саны : 1143
Жараксыз бюллетендин саны : 31

ТАЛАПКЕРЛЕР

1."ӨНҮГҮҮ-ПРОГРЕСС" саясий партия~ : 233
2."БҮТҮН КЫРГЫЗСТАН " саясий парт~ : 16
3.Мекеним Кыргызстан саясий парт~ : 265
4."Ата Журт" Мекенчил партиясы" с~ : 113
5."КЫРГЫЗСТАН" саясий партиясы : 140
6.РЕСПУБЛИКА саясий партиясы : 67
7.СДПК "Кыргызстан Социал-демокра~ : 308
8.БААРЫНА КАРШЫ : 1

М.О.

Участкалык шайлоо
комиссиясынын т?рагасынын колу

---

07:52:47 28-05-2017
Нусканын саны : 3
Урнанын сериялык номери: 001056

2017-жылдын 28-майы
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙРЫМ ЖЕРГИЛИКТҮҮ К
ЕҢЕШТЕРИНИН ДЕПУТТАРЫН МӨӨНӨТҮНӨН МУРДА ША
ЙЛОО 28.05.17

БАШТАПКЫ ОТЧЕТ

АШК : Жалал-Абад
УШК No : 2098

Шайлоочулардын саны : 1742
Алынган бюллетендин саны : ----

Добуш бергендердин саны : 0
Жарактуу бюллетендин саны : 0
Жараксыз бюллетендин саны : 0

ТАЛАПКЕРЛЕР

1."ӨНҮГҮҮ-ПРОГРЕСС" саясий партия~ : 0
2."БҮТҮН КЫРГЫЗСТАН " саясий парт~ : 0
3.Мекеним Кыргызстан саясий парт~ : 0
4."Ата Журт" Мекенчил партиясы" с~ : 0
5."КЫРГЫЗСТАН" саясий партиясы : 0
6.РЕСПУБЛИКА саясий партиясы : 0
7.СДПК "Кыргызстан Социал-демокра~ : 0
8.БААРЫНА КАРШЫ : 0

М.О.

Участкалык шайлоо
комиссиясынын т?рагасынын колу

№

20 17-жылдын 28- мая

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРИНИН ДЕПУТАТТАРЫН ШАЙЛОО

(облустун, райондун, шаардын аталышы)

Шаар Абад ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТАРЫН ШАЙЛОО БОЮНЧА

(шаардык кеңештин аталышы)

№ 2091 ШАЙЛОО УЧАСТКАСЫНДА ДОБУШ БЕРҮҮНҮН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ ЖӨНҮНДӨ

(шайлоо участогунун аталышы)

## ПРОТОКОЛ

№ 2078 шайлоо участкасынын шайлоо комиссиясы төмөнкүлөрдү белгилейт:

| 1. | Саясий партиянын аталышы (шайлоо бюллетенинде көрсөтүлгөн тартипте) | Саясий партиянын талапкерлеринин тизмеси үчүн берилген шайлоочулардын добуштарынын саны (жазуу жүзүндө) |
|---|---|---|
| 1 | Өнүгүү-Прогресс | 0243 |
| 2 | Бүтүн Кыргызстан | 0016 |
| 3 | Мекеним Кыргызстан | 0267 |
| 4 | Ата Журт | 0115 |
| 5 | Кыргызстан | 0142 |
| 6 | Республика | 0067 |
| 7 | СДПК | 0318 |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |

| | | |
|---|---|---|
| 2. | Участкалык шайлоо комиссиясы алган шайлоо бюллетендеринин саны | 1720 |
| 3. | Шайлоо участкасында шайлоочулардын тизмесине киргизилген шайлоочулардын саны | 1742 |
| 4. | Жокко чыгарылган шайлоо бюллетендеринин саны | 0543 |
| 5. | Шайлоо бюллетендерин алган шайлоочулардын жалпы саны (5=5а+5б+5в) | 1174 |
| 5а. | Добуш берүү үчүн жайда шайлоо бюллетендерин алган шайлоочулардын саны | 1159 |
| 5б. | Добуш берүүчү жайдан тышкары жерде добуш берүү үчүн бюллетендерди алган шайлоочулардын саны (жарактуу көчмө үкөктөр боюнча) | 0015 |
| 5в. | Добуш берүүчү жайдан тышкары жерде добуш берүү үчүн бюллетендерди алган шайлоочулардын саны (жараксыз көчмө үкөктөр боюнча) | 0000 |
| 6. | Жараксыз көчмө үкөктөрдөн алынып чыккан бюллетендердин саны | 0000 |
| 7. | Жарактуу шайлоо бюллетендеринин саны | 1170 |
| 8. | Жараксыз шайлоо бюллетендеринин саны (жараксыз көчмө үкөктөрдөн алынып чыккан бюллетендер эске алынбайт, б.а. 6-сап эске алынбайт) | 0004 |

Эскертүү: Шайлоо бюллетендери менен байланышкан адаттагыдан башкача, чыр-чатактуу окуялар жана талаш-тартыш кырдаалдар жөнүндө актылар протоколдун милдеттүү тиркемелери болуп саналат.

Тиркемелер:
1. АЭҮнүн баштапкы жана жыйынтыктоочу протоколдору ____ баракта.
2. Идентификация боюнча баштапкы жана жыйынтыктоочу отчету ___ баракта.
3. №1 тиркемелер ______ баракта.
4. №2 тиркемелер ______ баракта.
5. №3 тиркемелер ______ баракта.
6. Түшкөн арыз даттануулар боюнча УШКнын чечимдери ________ баракта.
7. УШК мүчөлөрүнүн өзгөчө пикирлери________ баракта.

Кыргыз Республикасы Жалал-Абад ш. аймактык шайлоо комиссиясы № 2098 участкалык шайлоо комиссиясы

№ 2098 шайлоо участкасы

Протокол 2017 жылдын «28» май ____ саат ____ мүнөттө түзүлдү.

| | | |
|---|---|---|
| 1. Төрага М.О. | (колтамга) | Бекмекулов Б. (Ф. А. А.) |
| 2. Катчы | (колтамга) | Мансуров А. А. (Ф. А. А.) |
| 3. Мүчөлөр | (колтамга) | Молдобаев З. (Ф. А. А.) |
| 4. | (колтамга) | Момбекова М. (Ф. А. А.) |
| 5. | (колтамга) | Акматов К. (Ф. А. А.) |
| 6. | (колтамга) | Дминалиева А. (Ф. А. А.) |
| 7. | (колтамга) | Бакиров Р. (Ф. А. А.) |
| 8. | (колтамга) | Анарбаев Н. (Ф. А. А.) |
| 9. | (колтамга) | Ганоречкова Н. (Ф. А. А.) |
| 10. | (колтамга) | Асаркулов О. (Ф. А. А.) |
| 11 | (колтамга) | Абдухамитов У. (Ф. А. А.) |
| 12. | (колтамга) | Орунбаев О. (Ф. А. А.) |

"Жергиликтүү кеңештерден
депутаттарын шайлоо жөнүндө"
КР мыйзамынын талаптарынын
бузулгандыгы тууралуу

АКТ

Жалал-Абад ш.

28.05.2017-ж.
№2098 УШКсы
№-1 кесип. мектеби

Биз, төмөндө кол койгондор:
1. Сыргабаев Батырбек Токтогулович - "Ата-Журт" партиясынан байкоочу;
2. Салимов Азизбек - "Өнүгүү-Прогресс" партиясынан байкоочу;
3. Калбаев Совет Абибиллаевич - "Өнүгүү-Прогресс" парт. ишенимдүү адамы;
4. Бегимов Медербек Кимсаналиевич - "Ата-Журт" партиясынын ишенимдүү адамы, бул актыны төмөндөгүдөй, "Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү кеңештерден депутаттарын шайлоо жөнүндө" мыйзамынын 34-беренесинен жана 36-беренесинин 2-пунктусунан талаптары №2098 участкалыгын

„Жергиликтүү кеңештердин
депутаттарын шайлоо" мезгилинде
түзүлгөндүгү тууралуу

# АКТ

Жалал-Абад шаары

28.05.2017-ж.
№2098 УШКсы
№1 кесипт. мүчөсү

Биз, төмөндө кол койгондор:

1. Каменов А. – „Өнүгүү-Прогресс" саясий партиясынан байкоочу;
2. Сарыбаев Б. – „Ата-Журт" партиясынан байкоочу;
3. Бегимов М. – „Ата-Журт" партиясынын ишенимдүү адамы;
4. Калбаев С. – „Өнүгүү-Прогресс" партиясынын ишенимдүү адамы;

ушул актыны төмөндөгү жөнүндө түздүк, УШК тарабынан шайлоо бүткөн, 28.05.2017-ж. саат бюллетендеринин 20с.00м. кийин санап чыгууда 3 (үч) бюллетендин бири белгисиз себептер менен ашыкча-нускадагы аныкталды жана бул. факт автоматташ ырылган системасынан алынган (АСУ)

ПЛ-1

| УИК | 2098 шайлоо участкасы | | |
|---|---|---|---|
| ТИК | Жалал-Абад | | |
| Количество избирате | 1742 | | |
| количест | полит. партия | голоса | Уровень |
| 1 | «ӨНҮГҮҮ-ПРОГРЕСС» саясий партиясы | 243 | 20.7869 |
| 2 | «БҮТҮН КЫРГЫЗСТАН » саясий партиясы | 16 | 1.3686 |
| 3 | Мекеним Кыргызстан саясий партиясы | 267 | 22.84 |
| 4 | "Ата Журт" Мекенчил партиясы" саясий партиясы | 115 | 9.8374 |
| 5 | «КЫРГЫЗСТАН» саясий партиясы | 142 | 12.1471 |
| 6 | РЕСПУБЛИКА саясий партиясы | 67 | 5.7313 |
| 7 | СДПК «Кыргызстан Социал-демократиялык партиясы» саясий | 318 | 27.2027 |
| 8 | БААРЫНА КАРШЫ | 1 | 0.0855 |
| Итого | | | 1169 |

| | | |
|---|---|---|
| [illegible] | Число избирательных бюллетеней, полученных участковой избирательной | 1720 |
| 3 | Число избирателей включенных в список избирателей на избирательном | 1742 |
| 4 | Число погашенных избирательных бюллетеней | 547 |
| 5 | Общее число избирателей получивших избирательных бюллетеней | 1174 |
| 5а | Число избирателей, получивших избирательные бюллетени в помещении | 1159 |
| 5б | Число избирателей, получивших бюллетени для голосования вне | 15 |
| 5в | Число избирателей, получивших бюллетени для голосования вне | 0 |
| 6 | Число бюллетеней извлеченных из недействительных переносных ящиков | 0 |
| 7 | Число действительных избирательных бюллетеней | 1169 |
| 8 | Число недействительных избирательных бюллетеней (бюллетени, | 4 |

**Date of report 29/05/2017 04:57**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫ

ЦЕНТРАЛЬНАЯ КОМИССИЯ ПО ВЫБОРАМ И ПРОВЕДЕНИЮ РЕФЕРЕНДУМОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРДИН ДЕПУТАТТАРЫН ШАЙЛОО ЖӨНҮНДӨ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН

# МЫЙЗАМЫ

Бишкек 2016

катышуусунда аймактык шайлоо комиссияларына акт боюнча өткөрүп берет. Талапкерлердин, саясий партиялардын, коммерциялык эмес уюмдардын жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү шайлоо бюллетендерин өткөрүп берүүдө катышууга укуктуу.

11. Аймактык шайлоо комиссиялары шайлоо бюллетендерин участкалык шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнүн кеминде 3төнүн катышуусунда участкалык шайлоо комиссияларына акт боюнча өткөрүп берет. Талапкерлердин, саясий партиялардын, коммерциялык эмес уюмдардын жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү шайлоо бюллетендерин өткөрүп берүүгө катышууга укуктуу.

12. Шайлоо бюллетендерин өткөрүп берүүнүн тууралыгы үчүн жоопкерчиликти тиешелүү шайлоо комиссияларынын төрагалары тартат.

13. Шайлоо бюллетендерин тиешелүү аймактык шайлоо комиссияларына өткөрүп берүү добуш берүү күнүнө чейин 10 календардык күн калганда, кайра добуш берген учурда - добуш берүү күнүнө чейин 5 календардык күн калганда, ал эми участкалык шайлоо комиссияларына - добуш берүү күнүнө чейин 2 календардык күн калганда жүзөгө ашырылат. Участкалык шайлоо комиссияларына өткөрүлүп берилүүчү шайлоо бюллетендеринин саны шайлоо участкасы боюнча шайлоочулардын тизмесине киргизилген шайлоочулардын санынын 0,1 пайызынан ашышы мүмкүн эмес.

Шайлоо бюллетендерине участкалык шайлоо комиссиясынын тиешелүү мөөрүн коюу менен участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы жана катчысы кол коёт.

14. Шайлоо бюллетендери даярдалгандан кийин талапкерлер талапкерлердин тизмеси чыгып кеткен учурда, участкалык шайлоо комиссиялары тиешелүү талапкерлер, талапкерлердин тизмеси жөнүндөгү шайлоо бюллетендериндеги маалыматтарды чийип салат. Чийип салуу талапкер, саясий партия, жөнүндө бардык маалыматтар жазылган саптар боюнча шарик калеми менен гана түз сызык түрүндө жүргүзүлөт. Мында чийүү сызыгы талапкер, саясий партия жөнүндө маалымат жазылган саптын каршысындагы бош квадратты камтууга тийиш.

15. Шайлоо бюллетендери, шайлоочулардын тизмеси жана башка шайлоо документтери, тиешелүү шайлоо комиссиясынын мөөрү сакталып турган атайын сейф (шкаф) болгон жай мөөр басып бекитилет жана ички иштер органдарына кайтарууга тапшырылат. Мында добуш берүү күнү сейф (шкаф) добуш берүү жүзөгө ашырылып жаткан шайлоо участогундагы жайдын ичинде болууга тийиш.

16. Басмакананын, шайлоо комиссиясынын жайларынан шайлоо бюллетендерин алып чыгууга, ушул Мыйзамдын 33-беренесинде каралган учурларды албаганда, ошондой эле шайлоо бюллетендерин эсептөөгө жана таратууга тыюу салынат.

*(КР 2012-жылдын 12-октябрындагы N 172, 2014-жылдын 21-ноябрындагы N 158, 2016-жылдын 21-январындагы N 8 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**31-берене. Добуш берүү тартиби**

1. Шайлоо күнү добуш берүү саат 8ден саат 20га чейин жүргүзүлөт. Добуш берүү убактысы жана орду жөнүндө участкалык шайлоо комиссиялары жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу же башкача ыкма менен добуш берүү күнүнө чейин 10 календардык күндөн кечиктирбестен, кайра добуш берүүдө добуш берүү күнүнө чейин 7 календардык күндөн кечиктирбестен шайлоочуларга кабарлоого милдеттүү.

2. Шайлоо күнү эртең мененки саат 7де участкалык шайлоо комиссиясы добуш берүүчү жайдагы өз жыйналышында, чүчүкулак аркылуу төмөнкү иштерди аткаруучу комиссия мүчөлөрүн аныктайт, алар:

1) оператор менен биргелешип шайлоочулардын электрондук тизмесинде жарандарды идентификациялоону жүргүзөт;

2) жарандарды шайлоочулардын кагаздагы тизмесине каттоону жүзөгө ашырат;

3) шайлоо бюллетендерин берет;

4) шайлоочулардын жашыруун добуш берүү кабиналарына киришин, шайлоо бюллетендерин добуш берүү ящиктерине салышын контролдоону жүзөгө ашырат.

Участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы жана катчысы, ошондой эле участкалык шайлоо комиссиясынын автоматтык түрдө эсептөөчү урналарды тейлөөчү мүчөсү чүчүкулакка катышпайт.

3. Участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн, талапкерлердин, саясий партиялардын өкүлдөрүнүн жана байкоочулардын катышуусунда ушул участкадагы шайлоочулардын тизмеси, шайлоо бюллетендери жана участкалык шайлоо комиссиясынын мөөрү, ошондой эле жайдан сырткары добуш берүүнүн натыйжалары боюнча документтер салынган, мөөр басылып бекитилген сейфти ачат, сейфтен шайлоочулардын кагаздагы тизмесин, шайлоочулардын электрондук тизмеси менен башка зарыл жабдууну алып чыгат, тизмеге киргизилген шайлоочулардын санын жарыялайт, андан кийин аны добуш берүү күнү шайлоочуларды каттоо жана шайлоочулардын кагаздагы тизмесин берүү үчүн жооптуу участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнө алып берет.

4. Участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы участкалык шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнө, ошондой эле катышып отурган шайлоочуларга, талапкерлердин, саясий партиялардын, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүнө автоматтык эсептөөчү ичи бош

урналарды көрсөтөт. Андан кийин участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы добуш берүү үчүн автоматтык эсептөөчү урналарга контролдук барактарды салат, аларда шайлоо участкасынын номуру, автоматтык эсептөөчү урналарга контролдук барактар салынган убакыт, шайлоо комиссиясынын төрагасынын, катчысынын жана башка мүчөлөрүнүн, катышып отурган саясий партиялардын өкүлдөрүнүн, байкоочулардын фамилиялары көрсөтүлөт, андан кийин урналар участкалык шайлоо комиссиясынын мөөрү басылып бекитилет (пломбаланат).

Туруктуу орнотулган ящиктер пайдаланылган учурда шайлоо комиссиясынын төрагасы добуш берүү үчүн бош ящиктерди ушул бөлүктүн биринчи абзацында көрсөтүлгөн адамдарга көрсөтөт. Андан кийин участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы добуш берүү үчүн ящиктерге контролдук барактарды салат, аларда шайлоо округунун аталышы, шайлоо участкасынын номуру, добуш берүү үчүн ящиктерге контролдук барактар салынган убакыт, участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасынын, катчысынын жана башка мүчөлөрүнүн, катышып отурган талапкерлердин, алардын өкүлдөрүнүн жана байкоочулардын, саясий партиялардын өкүлдөрүнүн фамилиялары көрсөтүлөт. Контролдук барактарга ушул адамдар кол коюшат жана участкалык шайлоо комиссиясынын мөөрү менен күбөлөндүрүлөт, андан кийин добуш берүү үчүн ящиктер участкалык шайлоо комиссиясынын мөөрү басылып бекитилет (пломбаланат).

5. Участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы жогору турган шайлоо комиссиясынан алынган шайлоо бюллетендеринин санын жарыя кылат. Участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү талапкерлердин, саясий партиялардын өкүлдөрүнүн жана байкоочулардын катышуусу менен шайлоо бюллетендерин кайрадан санап чыгат жана алардын санын жарыя кылат, андан соң участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы буга катышкан адамдарга аларды карап көрүүнү сунуш кылат жана участкалык шайлоо комиссиясы тарабынан жогору турган шайлоо комиссиясынан алынган шайлоо бюллетендеринин санын добуш берүүнүн жыйынтыгы жөнүндөгү протоколдун 2-сабына жана анын чоңойтулган формасына жазат.

6. Шайлоо бюллетендерин кайра санап чыккандан кийин участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы ведомость боюнча участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнө 50-100дөн шайлоо бюллетенин таратып берет, алар алгандыгы жөнүндө кол коет жана шайлоо бюллетендеринин берилиши үчүн жооп беришет.

7. Добуш берүү үчүн жайда участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү операторлор менен бирдикте шайлоочунун биометрикалык жана (же) жекече маалыматтары боюнча аны идентификациялоону жүргүзөт.

Шайлоочуну анын биометрикалык жана (же) жекече маалыматтары боюнча идентификациялоо үчүн шайлоочунун макулдугу талап кылынбайт.



Мында талапкерлердин, саясий партиялардын өкүлдөрүнө жана байкоочуларга көрүнө турган жерге илинген монитордо төмөнкү маалыматтар жазылып чыгат:

1) ушул шайлоо участогундагы шайлоочулардын тизмесине киргизилген жарандардын жалпы саны;

2) бул шайлоо участогунда ушул учурга карата добуш берген жарандардын саны;

3) жабдуунун техникалык мүмкүнчүлүктөрүнө ылайык Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен бирдикте аныкталган башка маалыматтар.

Шайлоочу идентификациялагандан кийин чек басылып чыгарылат. Чек шайлоочу тарабынан участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөсүнө көрсөтүлөт, ал шайлоочуга чектин ордуна добуш берүү бюллетенин берет.

8. Шайлоо бюллетендерин берүүдө чүчүкулак менен аныкталган участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөсү шайлоочуну шайлоочулардын кагаздагы тизмесине каттайт. Шайлоочу бюллетенди алгандыгы жөнүндө ага кол коёт.

9. Ар бир шайлоочу жеке өзү добуш берет, башка шайлоочулар үчүн добуш берүүгө жол берилбейт.

10. Шайлоо бюллетендери шайлоочулардын тизмесине киргизилген шайлоочуларга шайлоочунун инсандыгын ырастоочу документти жана чекти көрсөткөндүгү боюнча берилет.

11. Добуш берүү үчүн шайлоо бюллетенин алганда шайлоочулардын кагаздагы тизмесине шайлоочунун инсандыгын ырастоочу документтин сериясы жана номери жазылат. Шайлоочу туура жазылышын текшерет жана шайлоочулардын кагаздагы тизмесине кол коет. Бир нече шайлоо бюллетендери боюнча бир убакта добуш берүү өткөрүлгөн учурда шайлоочу ар бир шайлоо бюллетени үчүн кол коет.

12. Шайлоо бюллетени шайлоочу тарабынан атайын жабдылган кабинада же башка адамдын болушуна жол берилбеген атайын жабдылган жайда толтурулат. Атайын жабдылган кабина же атайын жабдылган бөлөк жай шайлоо бюллетенин толтурууда добуш берүүчүнүн эрк-ниетин билдирүүнүн жашыруундуулугун жана добуш берүүчүнүн аракеттерине шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн жана байкоочулардын көзөмөлүн камсыз кылууну эске алуу менен даярдалууга же орнотулууга тийиш.

13. Пропорциялуу система боюнча жергиликтүү кеңештин депутаттарын шайлоодо шайлоочу саясий партияга тиешелүү квадратка өзү тандагандын пайдасына же болбосо «Баардыгына каршы» деген орунга тиешелүү белги коет.

Мажоритардык система боюнча жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоодо шайлоочу шайлоо бюллетенинин алардын

жана шарттарда жүргүзүлөт.

*(КР 2013-жылдын 16-октябрындагы N 192, 2014-жылдын 21-ноябрындагы N 158, 2016-жылдын 21-январындагы N 8 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**34-берене. Добуш берүүнүн жыйынтыктарын чыгаруу жана шайлоонун натыйжаларын аныктоо боюнча шайлоо комиссияларынын ыйгарым укуктары**

1. Участкалык шайлоо комиссиясы тиешелүү шайлоо участкасында добуштарды эсептейт, добуш берүүнүн жыйынтыктарын чыгарат.

2. Тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясы участкалык шайлоо комиссияларынын протоколдорунун негизинде тиешелүү аймак боюнча жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоонун натыйжаларын аныктайт.

**35-берене. Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө участкалык шайлоо комиссиясынын протоколу**

1. Участкалык шайлоо комиссиясы тиешелүү шайлоо участкаларындагы добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протокол түзөт.

2. Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протокол так отчеттуулуктагы документ болуп саналат, анын корголуу формасы жана даражасы Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан аныкталат.

3. Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдорду участкалык шайлоо комиссиялары тарабынан толтуруунун тартиби Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан белгиленет.

**36-берене. Участкалык шайлоо комиссиялары тарабынан добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөөнүн тартиби**

1. Добуш берүү убактысы аяктагандан кийин участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы добуш берүү үчүн жайда турган шайлоочулар гана шайлоо бюллетендерин алып жана добуш бере ала тургандыгы жөнүндө жарыялайт.

2. Шайлоочулардын добуштарын эсептөө участкалык шайлоо комиссияларынын жыйналышында анын мүчөлөрү тарабынан гана добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдо жана анын чоңойтулган формасында (шайлоо комиссиясы тарабынан белгиленген орунга илинип коюлат) шайлоо бюллетендерин жана шайлоочулардын добуштарын эсептөө боюнча аткарылуучу аракеттердин бардык натыйжалары жөнүндө ыраттуу жарыялануу жана тиешелүү түрдө жол-жоболоштуруу менен ачык жана айкын жүзөгө ашырылат.

Добуштарды эсептөө жана добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөө процессинде талапкерлердин, саясий партиялардын өкүлдөрү, байкоочулар, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү тарабынан фотосүрөткө, киного, видеого тартылуулар жүзөгө ашырылуусу мүмкүн.

3. Шайлоочулардын добуштарын эсептөө шайлоочулардын добуш берүүсү өткөрүлгөн жайда добуш берүү аяктаары менен башталат жана добуш берүүнүн жыйынтыктары белгиленгенге чейин үзгүлтүксүз жүргүзүлөт. Шайлоочулардын добуштарын түздөн-түз эсептөө жүргүзүлгөн орун ага участкалык шайлоо комиссиясынын бардык мүчөлөрү киргендей болуп жабдылууга тийиш. Мында эсептөө учурунда катышып отурган бардык адамдар үчүн участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн аракеттеринин толук көрүнүп турушу камсыздалуусу зарыл.

Ар кандай деңгээлдердеги шайлоолор айкалыштырылган учурда биринчи кезекте Президентти, андан кийин Жогорку Кеңештин депутаттарын, анан - жергиликтүү кеңештин депутаттарын шайлоо боюнча добуштарды эсептөө жүзөгө ашырылат.

Участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасын жана катчысын албаганда, участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнө добуштарды эсептөө учурунда жазуу буюмдарын пайдаланууга тыюу салынат.

4. Участкалык шайлоо комиссиясынын шайлоо бюллетендерин берүү үчүн жооптуу мүчөлөрү калган пайдаланылбаган шайлоо бюллетендерин эсептеп чыгат, аларды төмөнкү оң бурчун кесүү жолу менен керектен чыгарат (мында катталган талапкерлер, талапкерлердин тизмеси жөнүндө маалыматтардын оң жагында жайгашкан квадраттарды бузууга жол берилбейт) жана аларды ведомость боюнча участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасына тапшырат, бул жөнүндө акт түзүлөт. Участкалык шайлоо комиссиясынын сейфинде калган пайдаланылбаган шайлоо бюллетендери ушундай эле жол менен керектен чыгарылат. Бардык керектен чыгарылган шайлоо бюллетендери эсептелет жана пакетке таңгакталат, ал участкалык шайлоо комиссиясынын мөөрү жана анын мүчөлөрүнүн койгон колдору менен бекитилет. Пакетке «Керектен чыгарылган шайлоо бюллетендери» деген жазуу жазылат, алардын саны жана шайлоо участогунун номери көрсөтүлөт.

Пайдаланылбаган шайлоо бюллетендеринин санынын суммасы катары аныкталган бардык жокко чыгарылган шайлоо бюллетендеринин жана ката толтурулган (бузулган) катары шайлоочулар тарабынан кайра кайтарылган шайлоо бюллетендеринин саны жарыя кылынуу менен добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколуна жана анын чоңойтулган формасына киргизилет.

5. **Шайлоочулардын добуштарын түздөн-түз эсептөөнүн алдында участкалык шайлоо комиссиясынын шайлоочуларды каттоо үчүн жооптуу мүчөлөрү шайлоочулардын тизмесинин ар бир бетине тиешелүү суммалык маалыматтарды жазууга милдеттүү.**